**Айыл чарбасын өнүктүрүү боюнча эл аралык фонд**
**Кургакчыл аймактардагы айыл чарба илим изилдөөлөрүнүн эл аралык борбору**
**К.И Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университети**

**Асанбек Сармашаевич Ажибеков**

# Кроссбред жүнү жана анын сапатын жакшыртуу



**Бишкек - 2013**

Кыргызстан – тоолуу өлкө, анын аймагынын 94 пайызын тоолор ээлейт. Айыл чарбасында пайдаланылуучу 10,5 млн гектар жердин 9,2 млн гектарын же 87 пайызын жапыз чөптүү табигый жайыт түзөт жана ал мал чарбачылыгында, анын ичинде айрыкча кой чарбачылыгынын негизги тоют базасы болуп эсептелинүүсү менен мезгилдүү түрдө(кыш, жаз, жай, күз) пайдаланылат.

Өлкөбүздүн айыл чарба өндүрүштүк системасында кой чарбасынын негизги артыкчылыгы табигый жайыт отун пайдалануу менен экологиялык жактан таза, арзан эт жана жүн өндүрүүнүн булагы болуп саналгандыгында.

Жалпыга маалым болгондой, мындан эки кылым мурун Англияда жүн өндүрүү койду өстүрүүнүн негизи болгон. Ал эми Совет мезгилинде дагы Кыргызстандын кой чарбасынын экономикасы жүн өндүрүүнүн жана анын баасынын жогору болгондугунан кирешелүү жана натыйжалуу болуп эсептелген.

Бир аз мурун химия өнөр жайынын өнүгүп жаткандыгына байланыштуу химиялык булаларды иштеп чыгуу көбөйүү менен кой жүнүнө болгон талап азаят деген ойлор көп учурларда айтылып келген. Бирок, илим жана алдыңкы практика бул айтылгандар туура эмес экендигин далилдешти. Жүндөн жасалган буюмдарды керектөө кыскарбастан, тескерисинче, өсүп жатат. Текстил буюмдарынын көбүн жасоодо химиялык булаларды жүн менен аралаштырып колдонушат. Окумуштуулар тарабынан бир жанга бир жылда 4,3 $м^2$ жүндөн жасалган кездеме керектелер талабы норма катары аныкталган, бирок иш жүзүндө бул көрсөткүч 2,54 $м^2$ барабар.

Азыркы учурда көбүнесе химиялык булаларды өндүрүүнүн өсүшү жүн буласына болгон керектөөлөрдү көбөйтөт деген сунуштар басымдуулук кылууда. Жүндөн кийим жасоодо жүн алмашылгыс чийки зат экендиги айныксыз.

Азыркы мезгилде өлкөбүздө жүндү өндүрүү, анын сапатын жакшыртуу, ички рынокто жүндү алып – сатуу системасы колго алынбай, көңүл бурулбай, жүн өндүрүүчүлөргө мамлекет тарабынан колдоо жоктугунан жүн товардык наркы боюнча кошумча продукция катары бааланууда. Ага караганда ички рынокто койдун эти баалуу. Бир килограмм кой этинин жана бир килограмм жүндүн сатып алуу бааларынын катышы 4:1 барабар.

Мындай жагдай жүндү өндүрүүнү көбөйтүүгө, анын сапатын жакшыртууга, дегеле өлкөдө уяң жана жарым уяң жүндүү кой чарбачылыгын өнүктүрүүгө кедергисин тийгизүүдө.

Кандай болгон күндө дагы, жүндүн башка булаларга салыштырганда технологиялык артыкчылыктарына токтоло кеткенибиз оң.

Таза жүн башка текстиль өнөр жай ишканаларынан чыккан булаларга салыштырганда жылуулукту эң начар өткөрөт. Бул жүндөн жасалган кийимдер жана башка буюмдар денедеги жылуулукту жакшы сактайт дегенди билдирет. Ал башка булалардан кирүү жөндөмдүүлүгү менен айырмаланат. Башка булалар мындай жөндөмгө ээ эмес. Андан чокой,

кыргыздын улуттук кийим – кечелери, кийиз буюм – тайымдары, боз үй жасалгалары  жасалат. Жүн ар түрдүү боёкко жакшы кирет.



*Жүндөн жасалган улуттук буюм-тайымдар*

Жүндүн эң баалуу өзгөчөлүгү жасалган буюмдардын бышыктыгын, узакка чыдамдуулугун камсыз кылат, сокмо буюмдарды жасоодо жиби көрүнбөйт.

Кой жүнүнүн ичкелиги, узундугу, созулгучтугу, жибектей жалтырашы сапаттуу буюмдарды жасоого мүмкүндүк берет.Андан жасалган буюмдар бырышпагандыгы, жылуулугу жана бышыктыгы менен мүнөздөлөт. Жүн булалары башка булаларга салыштырганда жеңил, бекем жана жумшак.

Жүн кыргыз калкынын атадан балага, энеден кыз – келинге берилген улуттук кол өнөрчүлүктүн, күндөлүк турмушта пайдаланылуучу буюм – тайымдарды жасоодо көрүнүктүү орунда. Кыргызга белгилүү этнограф Амантур Акматалиев(1996) бул жөнүндө мындай деп жазган: “Бул – элдик көркөм кол өнөрчүлүктүн түбөлүктүү жердиги.Уздардын кооз буюм жаратуудагы негизги материалы. Муну менен оймочулук, саймачылык, чырмакчылык, түймөчүлүк, өрмөк согуучулук, килем токуучулук, бычмачылык – тикмечилик, куракчылык өнөрү жүзөгө ашат. Жүндөн уютулуп кийиз, ийрип – эшип жип жасалат. Мында “жүн кыркуу”, “жүн сабоо”, “жүн кылдоо”, “жүн тытуу”, “жүн боео”, “жүн жуу”, “жүн түйдөктөө”, “жүн чабактоо” өңдүү аракеттер аркылуу буюм – тайымдар жүзөгө ашырылат”

Жүндөн жасалган улуттук баш кийим – калпак жөнүндө кыргыздын атактуу акыны Байдылда Сарногоев мындай деп жазган:

Баш кийим бардык элде бар,
Байыртан жашап келди алар,
Атадан калган балага,
Алардан кымбат эмне бар!

Ак чоку кийген бир элди,
Айтып бер десең мен даяр.

Кыргызстанда жүндүн уяң, жарым уяң, жарым кылчык жана кылчык түрлөрү өндүрүлөт.Тиешелүү түрдө койдун уяң жүндүү кыргыз, тоолуу меринос, жарым уяң жүндүү тянь – шань, жарым кылчык жүндүү алай жана кылчык жүндүү жергиликтүү тукумдар өстүрүлөт.

Өткөн кылымдын сексенинчи жылдарынын аягына республикада жылына 40 миң тоннадан ашуун тонна жүн өндүрүлүп, жүн өндүрүү жана бир койдон алынган жүн боюнча Союзда үчүнчү орунду ээлеген. Өндүрүлгөн уяң жүндүн 70 пайызын мыкты сапаттагы меринос жүнү түзгөн, ал эми жарым уяң кроссбред жүнүнүн жалпы көлөмү 1800 тоннага жетип, анын үлүшү 5 пайызды ээлеген.

## Жарым уяң кроссбред жүнү

Жарым уяң кроссбред жүнү биздин республикада эт – жүн багытындагы жарым уяң жүндүү тяньшань тукумундагы койдон алынат. Бул тукумдагы кой Нарын областынын Нарын, Ак – Талаа жана Жалал – Абад областынын Тогуз – Торо райондорунда өстүрүлөт. Тяньшань коюнун өзгөчөлүгү узундугу 13 – 16 сантиметрге чейинки бир кылка, жалтырак, кроссбред жүнүн берүүсүндө жана анын ирдүү, оор салмактуулугу, таза буланын жогорку кыркымы, бийик тоолуу катаал шартка жакшы көнүккөндүгү менен мүнөздөлөт. Кроссбред жүнүнөн жогорку сапаттагы атайын костюмдук, пальто жана көйнөктүк кездемелерди, килем,трикотаж жана тор кийимдерди, техникалык кездемелерди токууга болот.



*Кроссбред жүндүү тяньшань тукумундагы койлор(Лахол)*

Кроссбред жүнүнүн келкиси таза келип, чаң, кир аз болуп, таза буланын чыгуусу 68 – 70 пайызга барабар.Бул көрсөткүч башка тукумдагы койлордун жүнүнө салыштырганда жогору.

Кроссбред жүнү ичкелигинин текшилиги бирдей, чыбашы ачык крем түстүү, жалтырак(жалтырактыгы жетишсиз да болушу мүмкүн) жана жүндүн негизги бөлүгүнүн ичкелиги 56 – 58 – сапатта жана андан жоонураак, тармалы орточологу менен мүнөздөлөт. Тармалы ирдүү, бир сантиметр узундукка 3 -4 тармал туура келет.Бул жүндө уяң жүнгө караганда чыбашы азыраак.

Кроссбред жүнүнүн жалтырактыгы люстра жана люстра түсүндө болот.Ал буюмдун кооздугун жана жаңылыгын мүнөздөйт.

Кроссбред жүнү узундугу боюнча эки класска, ал эми ичкелиги боюнча эки подкласска бөлүнөт. Биринчи класстагы кроссбред жүнүнүн узундугу 11 сантиметрден кем эмес. Ал эми ичкелиги 58, 56, 50 – сапатта болсо биринчи подкласс, 48 – сапат жана андан жоон болсо экинчи подкласска тешелүү. Экинчи подкласстагы сан жүнүндө 5 пайызга чейин бир кылка эмес жүн болушу мүмкүн. Өлүү жүн же кургак була да болбошу зарыл.

Экинчи класстагы жүнгө узундугу 9 – 11 сантиметр келген кроссбред жүнү таандык.

Айрым койлордун жүнүнүн узундугу 9 сантиметрден кыска болушу мүмкүн. Мындай жүн кроссбред тибиндеги жүнгө кирет. Кроссбред тибиндеги биринчи класстагы жүндүн узундугу 8 – 9 сантиметрге барабар, ичкелиги 58 – 46 сапат, ал эми экинчи классына узундугу 5,5 – 8 сантиметр келген жүн таандык. Бул типтеги жүндүн 5 пайызы бир кылка эмес болушу мүмкүн. Узундугу 5,5 сантиметрден кем болсо, кыска жүн деп сорттолот.



*Кроссбред жүнүнүн келкисинин ички көрүнүшү*

Кроссбред жүнүндө жаш козунун жүнүндө кездеше турган жоон булалар(песига), айрым учурда жугуп калган өлүү жана түстүү булалар болушу мүмкүн. Мындай жүн узундугуна жана ичкелигине карабастан, кроссбред тибиндеги жүнгө кирет.

**Кроссбред жүнүнүн сапатын жакшыртуу жолдору**

Өткөн кылымдын токсонунчу жылдарында жүндү өндүрүү жана даярдоонун советтик системасы жоюлуп, ири колхоз – совхоздордун ордуна майда фермердик(дыйкан), үй чарбалары пайда болуп, ички рынокто жүндүн баасы чыкпай, айылдык товар өндүрүүчүлөр өндүргөн жүнүн ортомчулар аркылуу арзанга сатууга аргасыз болушкан. Жүнгө караганда кой этинин баасы  4 – 5 эсеге кымбат болгондуктан, кой өстүрүүчүлөр уяң жана жарым уяң жүндүү койлордун ордуна ар кандай түстөгү эт – май багытындагы куйруктуу койлорду күтө башташты.

Кошуна өлкөлөрдөн эдилбай, гиссар, жайдара, абасси тукумундагы кочкорлорду сатып келишип, уяң жана жарым уяң жүндүү соолуктарды баш – аламан аргындаштырып, жүндүн сапаты кескин түрдө начарлап кетти.

Эгерде өндүрүлгөн жүндү түрү боюнча талдап көрсөк, жалпы өндүрүлгөн 10335 тонна кой жүнүнүн 3100 тоннасы уяң жүн, анын ичинде эң сапаттуу меринос жүнү 315 тоннаны же 10,2 пайызды түзсө, 1550 тонна жарым уяң жүндүн 125 тоннасы же 8,1 пайызы гана кроссбред жүнүнө тиешелүү болгон.

Асыл тукум кой заводдорунда жана жаңы пайда болгон жеке менчикке негизделген айрым чарбалык субъектилерде гана уяң жана жарым уяң жүндүү асыл тукум койлор сакталып калды. Ички рынокто дагы койдун бир килограмм жүнүнүн баасы уяңдыкы 60 сомдон 170 сомго чейин, кроссбред жүнүнүкү 40 сомдон 110 сомго чейин көтөрүлүп, кайра түшүп, стабилдүү баа сакталбады.

Мындай абалдын дагы бир себеби мамлекеттин бул чийки затка болгон баа саясатынын жоктугу жана өлкөбүздөгү жүндү алгачкы иштетүүчү фабриканын иштебей токтоп калышы, жүн ийрүү жана токуу комбинаттары ички рынокту коргоого умтулбай, ар кандай шылтоолорго таянуу менен башка өлкөлөрдөн “арзан” жүн сатып алып иштетүүсүндө.

Азыркы учурда калкыбыздын 65 пайызы айылда жашоо менен, аялдар негизинен үй – тиричилиги менен гана алектенишет.

Узчулук – кыргыз аялдарынын байыртан келе жаткан кол өнөрчүлүгү болгондуктан, аларды улуттук колориттеги, ички жана тышкы рыноктун талабын канааттандыра ала турган жүндөн жасалган буюм – тайымдарды жасоого багыттоо жана алардын ишмердүүлүгүн уюштуруу учурдун талабы. Бул боюнча иштер республикада өкмөттүк эмес уюмдар тарабынан колго алынууда. Мыкты үлгүдөгү буюмдарды жасоо үчүн жакшы сапаттагы жүн керектелеери маалым.

Ошондуктан, кеп жүндү өнөр жайлык иштетүүдө болсун, же кол өнөрчүлүктө колдонууда болсун, анын физика – механикалык жана технологиялык сапаттарын жакшыртууда турат.

Кроссбред жарым уяң жүнүнүн сапатын жакшыртуунун айрым жолдоруна токтололу.

**Асылдандыруу иштери.** Азыркы учурда фермер же үй чарбаларында орточо койдун саны 20 баштан 200 башка чейин, ал эми ири фермерлерде 1500 башка чейин жетет. Мындай майда чарбада кой өстүрүүдө кочкорлорду өстүрүүгө жана тандоого өзгөчө көңүл бурулушу зарыл. Отордо жүргүзүлүүчү асылдандыруу ишинде мыкты сапаттагы өндүргүчтөрдү пайдалануу негизги иш, себеби илимде жана алдыңкы практикада далилденгендей, асылдандырууну жакшыртуу ыкмасын пайдалануу менен жетишилген натыйжанын 80 – 90 пайызы мыкты өндүргүчтөрдү пайдалануунун эсебинен камсыз болот. Бекеринен кыргыз элинде “ кочкоруң жүндүү болсун, айгырың үндүү болсун” деп айтылбаса керек.

Кочкорду соолуктар менен жупташтыруу маселесине зор көңүл бурулушу зарыл, себеби жупташтыруунун максаты тукумунда жана андан кийинки муундарда тукумдун мыкты сапаттарын сактап гана калбастан, жүндүн сапатын жакшыртуу, аны өркүндөтүү жана айрым касиеттерин күчтөндүрүүдө турат. Биздин тажрыйба көрсөткөндөй, тяньшань тукумундагы кочкорлор менен уяң- кылчык жүндүү койлорду жупташтырганда экинчи жана үчүнчү муундагы койлордун 98,7 – 99,2 пайызы кроссбред жүндүү болот.

Нарын областынын Нарын районундагы Миң – Булак айыл аймагы мурунку Куйбышев атындагы колхоздун негизинде түзүлгөн, бул колхоз убагында тяньшань коюн өстүрүү боюнча асыл тукум чарба болуп эсептелчү. 1993 – жылы колхоз менчиктештирилгенде аймактын элине берилген кой ушул асыл тукум тукум койлор эле. Менчиктештирүүдөн кийин асылдандыруу иштери жүрбөй, ким каалаган тукумдагы кочкорлорду пайдалануунун натыйжасында койдун ургалдуулугу начарлап, аргын койлор көбөйүп кеткен. Кыркылган жүн негизинен жарым уяң жана кроссбред тибиндеги жүндү түзгөн.

Миң – Булак айыл аймагындагы алты үй чарбасында 200 баш кой болгон, анын 155 башы жарым уяң, 45 башы жергиликтүү кылчык жүндүү койлор. Анда орточо эсеп менен жүз соолуктан 48 ден козу алынган, бир койдон кыркылып алынган жүн 2,6 кг түзгөн.

Бул аймактын жашоочулары үчүн кой чарбасы кошумча тармак болуп эсептелүү менен андан алынган продукция, негизинен эт, үй бүлөнүн ички керектөөсүнө гана жумшалгандыктан, оторлор аргын жарым уяң жүндүү жана кичинекей куйруктуу кылчык жүндүү койлордон турган. Кыркылып алынган жүн жарым уяң болуп, узундугу 7 – 8 сантиметр, ичкелиги 56 – 58 сапаттагы, узундугу жана ичкелиги боюнча текши эмес, тармалдуулугу менен жалтырактыгы анча өнүкпөгөн, жетишсиз коюулуктагы жүн. Мындай жүндүн баасы арзан болгондуктан, кой ээлери сатышпастан, боз үй, боз үй жасалгалары, шырдак, ала – кийиз жасоо үчүн кийиз жасашкан.

ИФАД – ИКАРДА долбоорунун алкагында Миң – Булак айыл аймагында жайгашкан майда фермерлердин жана үй чарбаларынын койлорун генетикалык жактан өркүндөтүү үчүн асылдандыруу ишин жандандыруу жана тяньшань тукумундагы койдун генофондун калыбына келтирүү максатында  бул тукумдагы жакшы сапаттагы кочкорлорду асыл тукум кой заводунан сатып келип, бул чарбалардагы соолуктарды жалгаштырдык.

Ушул айылда он беш уз аялдан түзүлгөн кол өнөрчүлөрдүн “Уз Нурайым” кооперативи иштеп жаткандыктан, кой баккандар менен уздардын ишин айкалыштырып, аларды жакынкы жылдарда сапаттуу кроссбред жүнү менен камсыз кылуу максаты да коюлган. Себеби, айрым эксперттердин жана кол өнөрчүлөрдүн айтуусу боюнча, кроссбред жүнүнөн бышырылган кийизден жасалган отургучтун олпогу, кийиз тапочкалар бышык жана базарда өтүмдүү.



*Жүндөн жасалган буюмдар*

Мында койду тандоо – ылгоо иштерине зор көңүл бурулушу зарыл. Тяньшань тукумундагы койдун келки жүнүнүн түзүлүшү штапель – саамайланып, конус формасына саал окшоп, буланын негизи жазы, уч жагы нын формасы ичкерип кетет. Жүндүн узундугу жана ичкелиги орточо кроссбред жүнүнүн талабына жооп берүү менен 12 – 15 сантиметр узундукта 56 – 50 сапаттагы ичкеликте болот. 1$см^2$ теринин аянтына 2200 – 2500 була туура келиши зарыл. Жүндүн коюулугуна баа бергенде капталдагы, жондогу, соорудагы жүн бирдей коюулукта болсо, келки жүн сапаттуу болот. Ошондуктан, койду тандоо иштеринде жүнүнүн узундугун жана ичкелигин

койдун капталындагы, жонундагы, жамбашындагы жана боорундагы жүндөн ченеп, баалап, текшилигине жана бирдейлигине көз салуу зарыл.



*Кроссбред жүндүү козулар(Миң – Булак)*

Койду ылгаганда келки жүндүн чыбаштуулугуна да көңүл буруу зарыл.Ак же ачык сары түстөгү чыбаш муздак сууга эрибей, самындуу ысык сууга жууганда гана кетсе сапаты боюнча түзүк болуп эсептелет.

**Койду багуу жана тоюттандыруу.** Көпчүлүк учурларда койду багууда жана тоюттандырууда кетирилген кемчиликтердин, кыркынды начар уюштуруунун натыйжасында жүндүн булгануусуна жана анын технологиялык сапаттарынын начарлашына жол берилет.

Үзүлмө(дефектүү) жүн кой ылаңдаганда же тоюттандырууну үзгүлтүккө учуратканда, жетишсиз тоюттандырганда жүн талчасынын ичкелиги бирдей болбой, ортосунда же эки уч жагында ичкерип, так пайда болуп, үзүлчөөк болуунун натыйжасында пайда болот. Эгерде үзүлмө жүн талчасын жарыкка салып карасак, талчанын ошол бөлүгү күндүн жарыгын өткөрүп жиберет. Бышык жүндөн гана бышык кездеме токууга болот. Жүндүн бышыктыгы кээде складдарда туура эмес сактагандан да начарлайт.

Демек, жүн үзүлмө болбошу үчүн фермерлер менен үй ээлери койду үзгүлтүксүз жанаургалдуу тоюттандырууну эстен чыгарбоолору зарыл.

Койду жайытка көк чөпкө дароо чыгарганда тамак аш сиңирүү органдарынын иштөө ритми бузулуп, сандын, арткы шыйрактардын жүнү шакмар менен булганат. Шакмар жүндүн химиялык составы өзгөрүп кетет, табигый түсүн жоготот, технологиялык сапаттары начарлайт, койду кыркууда бир топ кыйынчылыктарды туудуруп, жүн ысырап болот. Койдун сан жүнүнүн кыйла бөлүгү чылага булганып, шакмар жүн катары бааланат.

Койду жазгы жайытка чыгаруудан мурда аны даярдоо керек, эгер эти жадоо болсокургак тоют менен кошумча тоюттандырууну уюштуруу зарыл. Ошондой эле жүндүн шакмар менен булганбашы үчүн апрель – май айларында токту – боруктардын такым – бучкактарын кыркууну жүргүзүү керек.

Койго ээси отордук белгисин салганда же ветеринардык – санитардык жана зоотехникалык иштерди жүргүзгөндө жонуна, капталына, далысына жууса кетпей турган сыр менен эпсиз белгилешет. Жүндү класстаганда жүндүн бул бөлүгүн үзүп ташташат, ал эми аны фабрикада жууганда боёк чыкпайт, майлуу такты пайда кылат, ийрилген жиптин жана токулган кездеменин ушул бөлүгү боёкко кирбейт, натыйжада жол – жол так калып калат. Аны кетирүү үчүн жүндү кара боёк менен боёого туура келет. Бул кошумча каражат талап кылат дагы кымбатка турат.

Жүндүн өсүмдүктөрдүн калдыктары менен булганышына жол бербөө үчүн аштоолорго тоютту кой жокто салып коюу керек,аны үймөк чөпкө жолотпоо зарыл. Кээде кой короолордун бир жак дубалын чөп менен тосуп коюушат, бул дагы жүндүн булгануусуна алып келет.

Күзүндө чөп бышканда жайытты туура эмес тандоонун, уйгактуу жайытка жайгандын натыйжасында жүн уйгак, көдөө жана карыкыз өсүмдүктөрү менен булганат. Булар жүнгө бекем жабышып, механикалык жол менен ажыратууга мүмкүн эмес, алардан химиялык жол менен гана арылууга болот.

Акыркы убакта койду жуушаң менен же тажрыйбасы жок кыркынчылар кыркканда денеде машинканы эки жолу жүргүзүүдөн жүн кырчылып майдаланып(сечка) калат, мындан жүндүн узундугу кемийт, келки жүн була кыпындары менен булганат. Мындай жүн жараксыз болуп калат дагы кайра иштетүүдө кошумча каражат зарптоого туура келет.

Жүндүн сапатына оор залал келтирип, коромжулукка учурата турган чоң себеп – койдун котур оорусу. Котур койдун жүнүнүн нормалдуу өсүшү начарлайт, бышыктыгы азаят дагы жүн уучка топтолуп кирет, жууганда бөлүнбөйт. Ошондуктан, котур оорусуна жол бербөө үчүн ага каршы койду алдын алуучу кириптүүнү өз убагында жүргүзүү зарыл.